**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги мамлекеттик тилдин абалы боюнча**

# МААЛЫМ КАТ

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын (мындан ары – Улуттук комиссия) 2021-жылдын 11-ноябрындагы №91 буйругу менен түзүлгөн атайын жумушчу тобу 2021-жылдын 22-ноябрынан 26-ноябрына чейин Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетиндеги иш кагаздарынын жүргүзүлүшү, мамлекеттик тилдеги иш кагаздарынын сабаттуулугу жана жалпы эле мамлекеттик тилдин абалы менен таанышты.

Жумушчу топ мониторинг учурунда:

- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын аткарылышына;
- КР Жогорку Кеңешинин 2008-жылдын 26-июнундагы №567 токтому менен бекитилген “Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин” сакталышына;
- КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №120 токтому менен бекитилген “Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын” (мындан ары – Типтүү нускама) талаптарына ылайык тариздeлишине;
- Мамлекеттик тил бөлүмүнүн ишмердүүлүгүнө көңүл бурду.

## 1. Иш кагаздарынын жана окуу процессинин мамлекеттик тилде жүргүзүлүшү боюнча:

Окуу жайдын уставы (2017-жылдын 25-январында бекитилген) расмий тилде иштелип чыккан жана бекитилген, демек, мамлекеттик тилде даярдалган эмес. Расмий документтердин кыргызчасы түп нуска экендиги Кыргыз Республикасынын Баш мыйзамы менен аныкталат.

**Иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмүнүн** иши менен таанышууда окуу жайда буйруктар гана эки тилде, маалым кат, коштомо кат, арыз, билдирме, кызматтык каттар, актылар, кызматтык тартипти бузуу боюнча протоколдор

ж.б. иш кагаздары жалаң расмий тилде жүргүзүлөрү аныкталды. **Академиялык саясат башкармалыгынын** 2020-2021-окуу жылына карата бекиткен иш планы расмий тилде. Ал эми **окуу-процессти координациялоо бөлүмүнүн** иш кагаздары толук эмес, бар иш кагаздарынын 6% гана мамлекеттик тилде даярдалат. Болжолдуу окуу планы 2018-жылы расмий тилде бекитилген. Мамлекеттик билим берүү стандарттары мониторинг учурунда жок болуп чыкты. Ушуну менен бирге, адистиктер/багыттар боюнча базалык окуу пландары, жумушчу окуу пландары, магистратура багыттары боюнча базалык окуу пландары, жумушчу окуу пландары расмий тилде гана жүгүртүлөт. **Кадрлар бөлүмүндө** буйруктар, негизинен, расмий тилде даярдалат. Отчеттор, актылар да расмий тилде жүргүзүлөт. О.э **студенттик кадрлар бөлүмүнүн** иш кагаздары да 80% расмий тилде. 2 тилде бирдей даярдалган буйруктарынын мамлекеттик тилдеги текстинде бир катар каталар кеткен. Студенттердин өздүк делолору толук расмий тилде. **Билим берүү сапаты бөлүмүнүн, юридика бөлүмүнүн** иш кагаздары да расмий тилде.

**Аспирантура, докторантура** бөлүмүндө дагы иш кагаздардын көбү расмий тилде жүргүзүлөт. **Илим жана инновация бөлүмүнүн** илимий-техникалык кеңешине мүчөлүккө киргизүү боюнча билдирүүнүн саны – 35, анын 5и гана мамлекеттик тилде, 30у расмий тилде. Илимий-техникалык кеңештин протоколдору орус жана кыргыз тилдеринде жазылат.

**Окумуштуулар кеңешинин** иш кагаздары эки тилде жүргүзүлөт. Күн тартибине коюлган маселелердин негизинде келип түшкөн отчеттор, маалыматтардын көбү расмий тилде.

Университеттин расмий сайты https://www.knu.kg үч тилде иш жүргүзгөнгө ылайыкташкан. Бирок сайттын УЧА (туурасы ЧУА) бөлүмүндөгү ченемдик укуктук актылардын бардыгы расмий тилде жайгашкан.

***Бөлүмдөрдөн сырткары жумушчу топ университеттин ар бир***

***факультетине, кафедрасына мониторинг жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкүлөрдү белгилейт:***

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамдын талаптарына дал келбеген, тактап айтканда ишмердүүлүгүндө мамлекеттик тилди дээрлик колдонбогон факультеттер, кафедралар:

**Орус жана славян филологиясы факультетинде** окуу процессинин графиктери, буйруктар, кайрылуулар, билдирмелер эки тилде, калган иш кагаздар расмий тилде жүргүзүлөт. Кабинеттердин, аудиториялардын ичи-сырткы жазылыштары расмий тилде.

**Чет тилдер факультетинде** 4 кафедра бар. Бардыгынын иш кагаздары расмий тилде жүргүзүлөт .

**Журналистика факультети**нин *жарнама жана коомчулук менен байланыш кафедрасынын* иш-кагаздары расмий тилде жүргүзүлөт.

**Социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин** ф*илософия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасында иш кагаздары* дээрлик расмий тилде жүргүзүлөрү аныкталды. *Педагогика жана психология кафедрасында* кыргыз группаларга (факультеттер аралык) гана СОМК мамлекеттик тилде даярдалган, калганы расмий тилде.

**Факультеттер аралык мамлекеттик тил кафедрасында** иш кагаздары 80% расмий тилде. Баса белгилей кетчү жагдай – КР Мамлекеттик стандарттарынын негизинде жогорку окуу жайларда кыргыз тили 1-2-курс (1-4-семестр) окутулат. Бирок университеттин чечиминин негизинде бул кафедра окуу жайдын факультеттеринде кыргыз тили сабагын 1-2-семестрде окутушуп, студенттер 4-семестрде гана мамлекеттик сынак тапшырышары белгилүү болду. Бул маселе боюнча кафедрада университеттин эч кандай чечими жок. Бирок бул чечим болгон күндө да ал стандартты бузгандык деп эсептелет. Муну өз кезегинде мамлекеттик тилге формалдуу мамиле кылгандык катары кабыл алууга болот.

**Факультеттер аралык орус тили кафедрасынын** иш кагаздары толук эмес болгондуктан, так маалымат ала албадык.

**Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу факультетинин** иш кагаздарынын дээрлик баардыгы расмий тилде жазылган. *Экономиканы мамлекеттик жөнгө салуу кафедрасынын* планы, протоколу гана мамлекеттик тилде жазылган, 29 жумушчу программанын баардыгы расмий тилде түзүлгөн.

**Информациялык жана инновациялык технологиялар факультетинин** иш кагаздарынын басымдуу бөлүгү расмий тилде жазылган. Буйруктар гана эки тилде чыгарылат. Кафедралардын иш кагаздары дагы расмий тилде**.**

**География, экология жана туризм факультетинде** иш кагаздары расмий тилде. *Физикалык география кафедрасы*нда кыргыз группалар үчүн мамлекеттик тилде 6 СОМК бар, калганы расмий тилде. Мамлекеттик тилде китептер чыккан эмес. *Экономикалык социалдык жана саясий география кафедрасында* кыргыз тилдүү тайпа үчүн даярдалган, каталарга жык толгон 4 программа гана бар.

**Педагогика факультетинин Кесиптик колледжинде** 20% гана иш кагазы мамлекеттик тилде.

**Юридикалык факультетке** караштуу 7 кафедранын ишмердүүлүгү дээрлик расмий тилде жүргүзүлөт, айрым жумушчу программалары кыргыз тилине которулган, бирок сабатсыз, окуу-усулдук комплекс (ОУК) мамлекеттик тилде жок.

Мындан сырткары **Гуманитардык факультеттер үчүн чет тилдер жана Табигый илимдер факультеттери үчүн чет тилдер кафедраларынын, Эл аралык мамилелер жана чыгыш таануу факультетинин жана ага караштуу кафедралардын, Кыргыз-Европа факультетинин жана ага тиешелүү кафедралардын, Бизнес жана башкаруу факультетинин, Социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин,** *Философия, маданияттын теориясы жана тарыхы кафедрасынын* иш-кагаздары расмий тилде жүргүзүлөт.

**<u>Мамлекеттик тилдин абалы салыштырмалуу жакшы көрсөткүчтө</u>**

**болгон** төмөнкү факультеттерди жана кафедраларды атоого болот:

**Педагогика факультетинде** мамлекеттик тилдин көрсөткүчү 33%. 25 тайпанын 17си кыргыз тилдүү. Мамлекеттик тилде иш кагаздары сабаттуу. Кафедраларынын дагы көрсөткүчтөрү жакшы.

**Кыргыз-Кытай факультети жана ага караштуу** 4 кафедранын ишин 2019-жылы өткөн мониторинг менен салыштырганда бир кыйла өзгөрүү бар. Учурда иш кагаздарынын дээрлик бардыгы, ОУК, жумушчу программалары, окуу китептери мамлекеттик тилде жол-жоболоштурулат.

**Математика жана информатика факультетинде** документтер 60% мамлекеттик тилде жүргүзүлөт. Ал эми ага караштуу 4 кафедрада көрсөткүч төмөн.

**Мамлекеттик жана муниципиалдык башкаруу факультетинин** *Мамлекеттик, муниципиалдык кызмат кафедрасында* гана *көрсөткүч жогорураак, тактап айтканда,* 38 жумушчу программанын 24ү мамлекеттик тилде. Кафедра тарабынан 1 окуу куралы жана 1 монография мамлекеттик тилде жарык көргөн. Кафедрага тиешелүү көрнөк-жарнактар мамлекеттик тилде жазылган.

**Юридикалык факультетинин** иш кагаздары 2019-жылдан тарта дээрлик мамлекеттик тилде жол-жоболоштурулуп келет. Окуу китептери мамлекеттик тилде жарык көргөн.

**Социалдык-гуманитардык илимдер факультетинин** иш кагаздары 2 тилде жүргүзүлөт, ал эми *дин таануу жана теология, жогорку мектептин педагогикасы* кафедралары иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзөт.

**География, экология жана туризм факультетинин** *экология жана жаратылышты пайдалануу кафедрасынын* планы менен протоколдору мамлекеттик тилде жазылган. 1 кыргыз тайпа бар жана 5 магистрдик диссертация мамлекеттик тилде жазылган. *Туризм жана рекреациялык география кафедрасында* кыргыз группаларынын саны - 4. 39 сабактын ичинен 36 сабагы мамлекеттик тилде окутулат.

**Журналистика факультети,** ага караштуу *теле-радио журналистика кафедрасы* иш кагаздарын мамлекеттик жана расмий тилдеринде жүргүзөт, *мезгилдүү басма сөз кафедрасынын* жобосу расмий тилде, калган иш кагаздары мамлекеттик тилде.

**Мамлекеттик тилде жигердүү иш алып барып жаткан факультет, кафедралардын** сап башына, албетте, **кыргыз филологиясы факультетин** коюуга болот. Адистиктин өзгөчөлүгүнө байланыштуу номенклатура боюнча иш кагаздар деканатта, кафедраларда мамлекеттик тилде жүргүзүлөт.

**Биология факультетинин** жана анын кафедраларында дагы мамлекеттик тилдин абалы жакшы. Мисалы, *ботаника жана өсүмдүктөрдүн физиологиясы кафедрасынын* планы, протоколу, жумушчу программалары мамлекеттик тилде. Мамлекеттик тилде окуган группалардын саны – 10. Методикалык окуу куралдар, бүтүрүүчү квалификациялык иштер, отчеттор мамлекеттик тилде жазылган. *Жалпы биология, экология жана лаборатория иши кафедрасында* 14 тайпа кыргыз тилдүү. Методикалык окуу куралдар, бүтүрүүчү квалификациялык иштер, отчеттор, стенддер мамлекеттик тилде. *Зоология, адамдын жана жаныбарлардын физиологиясы кафедрасында* методикалык окуу куралдар, монографиялар мамлекеттик тилде жазылган.

Ал эми **химия жана химиялык технология факультетинин** тарбиялык иштери боюнча планы мамлекеттик тилде жазылган. Факультетке тиешелүү стенддер мамлекеттик тилде жабдылган. *Кафедраларынын* жумушчу программалары, бүтүрүү иштери мамлекеттик тилде жазылган. Мамлекеттик тилде жарык көргөн окуу куралдары, монографиялар бар.

Ошондой эле, **физика жана электроника факультети,** андагы кафедралар мамлекеттик тилде эң сапаттуу иш алып бараарын белгилеп кетүү туура болот. Иш кагаздары 70% мамлекеттик тилде жана сабаттуу жүргүзүлөт. Көптөгөн китептер, окуу куралдар, илимий макалалар мамлекеттик тилде жарык көргөн. Лекциялар топтому, лабораториялык иштер мамлекеттик тилде даярдалат.

**Тарых жана чөлкөм таануу факультети** 2018-жылы КР Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Ардак грамотасына ээ болгон. Кыргыз тили кабинети бар. Кафедралардын иш кагаздары, жасалгаланышы мамлекеттик тилде, жумушчу программалары эки тилде жазылган.

2. **Мамлекеттик тил бөлүмү тарабынан аткарылган иштер боюнча маалымат:**

Университеттин мамлекеттик тил боюнча проректору жетектеген мамлекеттик тил бөлүмү окуу жайда мамлекеттик тилди өнүктүрүүнү камсыз кылуу милдетин аткарат (Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин мамлекеттик тил бөлүмү жөнүндө жобо, 2018-жыл). Мамлекеттик тил бөлүмүндө 3 кызматкер иш алып барат.

Текшерген жумушчу топ мониторингдин жыйынтыгы боюнча мамлекеттик тил бөлүмү тарабынан “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамын иш жүзүнө ашыруу жана тил саясатын жүргүзүү багытында аткарылган иштери боюнча төмөнкүлөрдү белгилейт:

- Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде 2015-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн программасы бекитилген;
- “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” мыйзамын иш жүзүнө ашыруу жана 2019–2022-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн 5 пункттан турган жол картасы иштелип чыккан. Ага ылайык 2020-жылы Улуттук университет толук түрдө мамлекеттик тилде иш жүргүзүүгө өтөт деп көрсөтүлгөнү менен бирок бул багытта иштер аткарылган эмес.
- Жободо бекитилген негизги милдеттерди жана функцияларды аткаруу боюнча (3.1. пункт):

1. Иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүгө шарттарды түзүү максатында бөлүм тарабынан жыл сайын кафедралардын башчылары, методисттери жана лаборанттары үчүн иш кагаздарын мамлекеттик тилде

жүргүзүүнүн талаптары, формалары жана жол-жоболору тууралуу теориялык жана практикалык семинарлар өткөрүлүп турат.

2. Мамлекеттик тил бөлүмү тарабынан Улуттук университетте, ошондой эле республикалык жана шаар аралык ЖОЖдор арасында мамлекеттик тил боюнча студенттик олимпиадалар өткөрүлүп келет.

3. Бөлүм тарабынан мамлекеттик тилди окутуунун көйгөйлөрү, мамлекеттик тилдин билим берүүдөгү орду, кесиптик билим берүүдө мамлекеттик тилдин орду темаларына арналган илимий-практикалык конференциялар, тегерек столдор, сынактар жыл сайын өткөрүлүп турат.

4. Бөлүм тарабынан мамлекеттик тилдин абалы, сабактардын жүрүшү боюнча жыл сайын февраль айынан май айына чейин университетте мониторинг жүргүзүлүп турат. Бирок мониторингдин жыйынтыгы боюнча иш кагаздарынын мамлекеттик тилде жүргүзүлүшүнүн жалпы абалы, статистикасы жана аны жоюу боюнча бөлүм тарабынан көрүлгөн чаралар отчетто көрсөтүлгөн эмес. Демек, жободогу негизги милдеттер иш жүзүнө ашпагандыгы белгилүү болду.

5. Мамлекеттик тил бөлүмү жөнүндө жобонун өзүндө бир катар грамматикалык, орфографиялык каталар орун алган.

**Жалпылап айтканда,** окуу жайдын ишмердүүлүгүндө, окуу процессинде мамлекеттик тил 25% гана колдонулат жана дээрлик 75% иш расмий тилде жүрөт. Ал эми КР Билим берүү жана илим министрлигинен жана ректораттан кагаздар 90% расмий тилде жиберилгендиги пайыздык көрсөткүчтү эле эмес, мамлекеттик тилдин ролун да төмөндөтүүдө. Демек, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” КР Мыйзамынын 10, 11, 14, 17, 18, 27-статьяларынын талаптары аткарылган эмес. Өзгөчө, Мыйзамдын 5-главасынын 18-статьясында “Билим, илим жана маданият чөйрөсүндө “Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунда мамлекеттик тил республикалык жана (же) жергиликтүү бюджеттерден каржылануучу мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде, кесиптик билим берүүнүн

башталгыч, орто жана жогорку окуу жайларында, кошумча кесиптик билим берүү мекемелеринде окутуунун жана тарбиялоонун негизги тили болуп саналат” деп белгиленгендигине карабастан окутуу расмий тилде гана жүргүзүлүп келет. Демек, окуу жайда мыйзам одоно бузулуп жатат.

**3. Мындан сырткары иш кагаздарынын талдоодо аныкталган мүчүлүштүктөрү катары:**

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы № 120 токтому менен бекитилген “Иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын” талаптарына ылайык тариздебегендигин;
- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2008-жылдын 26-июнундагы № 567 токтому менен бекитилген “Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин” талаптарынын сакталбагандыгын;
- кыргызча тексттер орус тилинен, орус тилинин сүйлөмдүк курулушунан сөзмө-сөз которулгандыктан, кыргызча тексттеги сүйлөмдөрдө нормага шайкеш келбегендик, көп сөздүүлүк, стилдик жактан түшүнүүгө өтө оор сүйлөмдөрдүн түзүлүшүн;
- грамматикалык формалардын туура эмес уланышы, сүйлөм ичинде бир сөздү орунсуз бир нече кайталоолордун кеткендигин;
- пунктуациялык каталар, өзгөчө киринди сөздөрдөн, байламталардан кийин үтүрдүн негизсиз коюлушун;
- даталардын туура эмес тариzделишин;
- “ө”, “ү”, “ң” ариптеринин ордуна “о”, “у”, “н” ариптеринин колдонулушу ж.б.у.с. каталардын көп кездешүүсүн белгилөөгө болот.

Тиркемедеги таблицага документтерде басымдуу кездешкен каталардын типтүү формаларынын айрымдары көрсөтүлдү (документтердин сканерленген айрым көчүрмөлөрүнөн жогоруда белгиленген типтүү каталар менен толук таанышууга болот).

**Мониторингдин жыйынтыгына ылайык Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссия төмөнкүлөрдү *сунуш кылат*:**

Мамлекеттик тил боюнча проректор жана мамлекеттик тилди өнүктүрүү бөлүмү: иш кагаздарын мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча толук кандуу иштерди жүргүзүүнү жана "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын тиешелүү статьяларына ылайык иш жүргүзүүнү күчөтүүнү;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 3-мартындагы №120 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускаманын" талаптарынын аткарылышын жолго коюуну;
- Университеттин ишмердүүлүгүн жөнгө салган ЧУАларды (устав, жобо, нускама ж.б.д.у.с.) мамлекеттик тилде иштеп чыгуу жана бекитүүнү;
- Окуу-методикалык программаларды, жумушчу программаларды, жүгүртмөлөрдү, иш графиктерин мамлекеттик тилге өткөрүү боюнча конкреттүү иштерди колго алууну;
- Мамлекеттик тилди "Кыргызтест" системасынын талаптарына ылайык окутуу, ага жараша окуу программаларын кайрадан иштеп чыгуу боюнча иштерди жүргүзүүнү;
- Мамлекеттик тилдеги тайпаларды ачууну;
- Окуу усулдук комплекстерди түзүү, филологиялык эмес адистиктер үчүн мамлекеттик тилде базалык адабияттарды которууну уюштуруу жана басып чыгарууну;
- Филологиялык эмес дисциплиналар боюнча (табигый-илимий, техникалык, коомдук) мамлекеттик тилде сабак өткөн мыкты лекторлор үчүн кошумча каржылык кызыктыруу жана сыйлоонун башка түрлөрүн колдонуу системасын киргизүүнү;

- Маалымат айдыңын мамлекеттик тилдеги маалыматтар менен байытуу максатында окутуучулардын жана студенттердин мамлекеттик тилде жазылган иштерин интернет тармактарына байма-бай жүктөп турууну;
- Мониторингдин жүрүшүндө белгиленген кемчиликтерди жоюунун үстүндө иш жүргүзүү, сунуштарды эске алуу менен анын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик тил бөлүмүнүн 2021-2022-жаңы окуу жылына карата даярдык катары маалымат/отчетун 2-чейректе Улуттук комиссияда кароо сунушталат.

Негизинен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети мамлекеттик тил жана тил саясаты маселеси боюнча республикада үлгү көрсөтүү вазийпасын аркалаган университет болуш керек эле. Бирок Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын жүргүзгөн мониторингинин жыйынтыгы боюнча такыр башка абал аныкталды. Ошондуктан Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университет “улуттук” деген статуска шайкеш, төп келеби деген суроолор жаралууда. Ушуга байланыштуу **окуу жайдагы мамлекеттик тилдин абалын 3-4 айдан кийин кайра кароо маселесин сунуштоо менен, мамлекеттик тил саясатынын абалы оң жагына өзгөрбөй турган болсо анда “улуттук” деген статустун канчалык зарылдыгы жөнүндөгү маселени көтөрүүгө аргасыз болорубузду билдиребиз.**